Кол жазма укугунда
УДК 301.085: 15+ 101.1 (575.2) (043.3).

КУДАБАЕВА ГУЛИРА БАЙДЫЛДАЕВНА

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН ИНСАНДЫК САПАТТАРЫ

Адистиги 09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек - 2006

Диссертация Илимдер Улуттук Академиясынын философия жана укук Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор **Жумагулов М.Ж.**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору **Амердинова М.М**

философия илимдеринин кандидаты **Бекбоева А.К.**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин философия жана социалдык илимдер кафедрасы.

Диссертацияны коргоо 2006-жылдын «24» ноябрда саат 12[00] до Кыргыз республикасынын УИАсынын философия жана укук Институтунун алдындагы (тең уюштуруучу – Ж.Баласагын атындагы КУУ) философия илимдери боюнча доктордук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д. 09.06.321. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а

Диссертация менен КР ИУАсынын борбордук китепканасынан таанышууга болот. (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а)

Автореферат 2006-жылдын «23» октябрда таратылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Акматова Н.С.**



# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Биздин өлкөбүздүн эгемендүүлүккө ээ болгондон бери өз алдынча суверендүү өнүгүүсү менен кыргыз элинин жашоо турмушунда социалдык-экономикалык эле эмес, маданий-руханий жактан да жигердүү болду. Калктын коомдук аң-сезими жаңы геосаясий мейкиндикте базар мамилелеринин контекстинде мурдагы адатка айланган баалуулуктардан башка да жаңы нарктар менен толукталууда, алардын ичинде руханий-нравалык асылдыктардын системасы бар экендиги белгилүү. Дүйнөлөшүүнүн жана гумандашуунун учурунда маданий-интеллектуалдык баалуулуктардын жана критерийлердин улам жаңы парадигмалары жаралууда. Мындай шартта руханий баалуулуктар системасын үйрөнүү, анын адамдардын ички дүйнөсүнө айландыруу, өткөндүн – ата-бабаларыбыздын алгылыктуу акылман ойлоруна, өздүк аң-сезимдерине астейдил мамиле жасап, учур талабына шайкеш уруттуу жактарын иликтөөгө көңүл буруу зарыл. Ушул өңүттө «Манас» эпосунун татаал тарыхый өнүгүшүндө маданий, айрыкча руханий мурасын, анын аксиологиялык мазмунун өздөштүрүү актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

Нечендеген кылымдарды «карытып», алардын ырааттуу тутумунда жашап келген элибиздин турмушунун диалектикасынан пайда болгон, курчап турган реалдуулукту кабылдоону, элестетүүнү жана түшүнүүнү же эпикалык аң-сезимдин табиятын туюнткан, гумандуулук, бийик ыймандык, эркиндик, биримдик, жоопкерчилик проблемаларын; байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астрономиялык, математикалык, философиялык, этикалык, эстетикалык ой-пикирлерин, түшүнүм-түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган «Манас» эпосу дүйнөдөгү эң эле сейрек кездешүүчү, баа жеткис руханий байлыктардын бири, поэтикалык эстеликтердин уникалдуу үлгүсү. Өз учурунда Ч.Валихановдун «...кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламыштарынын бир учурларга келтирилген...энциклопедиялык жыйнагы; талаалык калктардын «Илиадасы» катары баалоосунун, академик В.В.Радловдун «...элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын чагылышы»[1] деп баса белгиленишинин өзү эле чыгарманын калкыбыздын улуттук, этностук сыймыгы, дүйнөлүк көркөм маданияттын казынасына орчундуу кошумча, баа жеткис толуктоо экендигин айгинелейт.

Бул энциклопедиялык дастанда кыргыз элинин дүйнө таанымы, социомаданий баалуулуктары баарыдан мурда пассионардык инсан, эпикалык каарман Манастын атуулдук сапаттары менен байланыштырылып, ал сандаган кылымдар бою элдин өздүк аң-

[1] Валиханов Ч. Избранные произведения. –Алма-Ата, 1958. – С.112.

сезимин, жогорку ыймандык идеалдарын, намыскөйлүгүн, биримдикке, эркиндикке, жакшылыкка, акыйкаттыкка жана асыл адеп-ахлактык баалуулуктардын зоболосуна, эң башкысы – өзүнүн мамлекеттүүлүгүнө карай умтулуусун улап, аздектеп-урматтап келген. Манас кыргыздардын аң-сезиминде ар качан чыныгы жашап өткөн атуул, баатырдыктын, гумандуулуктун, элчилдиктин жана айкөлдүктүн алып жүрүүчүсү, архетиби катары жашаган.

Эпостогу баатырлардын жүрүм-турум системасы социалдык-маданий эрежелердин карама-каршылыктуу чагылышы катары алардын көчмөндүү цивилизациясынын контекстиндеги адеп-ахлак талаптарынын жыйындысын түзгөндүгү белгилүү. Ушуга байланыштуу бул эпикалык чыгармада кыргыз элинин "жакшылык" жана "жамандык" деген түшүнүм-түшүнүктөрүнө карата болгон мамилеси жогорку деңгээлде туюнтулган. Ошону менен бирге мындай дастан элибиздин руханий маданиятынын туу чокусу, мазмуну боюнча инсандын номадтык жашоосунун алкагындагы калыптануусун даана эпикалык формада көрсөткөн негизги булактардан болуу менен адамдык сапаттар кандай маңызга ээ деген проблемаларды чечмелөөдө өзгөчө орунду ээлейт. Энциклопедиялык элдик чыгармадагы Манастын, ага замандаш каармандардын инсандык сапаттарын терең өздөштүрүү, алардын баалуулуктарына көңүл буруп үйрөнүү менен азыркы адамдардын да социалдык-нравалык касиеттеринин жана дүйнөкараштык процесстеринин калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн талкуулга болот. Эпостогу башкы каармандын, анын тегерегиндеги адамдардын инсандык сапаттарын нарктуулуктун, асылдыктын чегинде акыл сересинен өткөрүү кыргыздардын жаңы геосаясий мейкиндиктеги ички рухий керектөөсү гана эмес экендигин, коомдук-саясий процесстердин таасиринде калкыбыздын улуттук, этностук жана жарандык калыптануусунун диалектикасын түшүнө билүүгө өбөлгө түзөт. Ушул өңүттө улуттук аң-сезимди андан ары чыңдоо, жаңылоо үчүн кыргыз элинин Манас доорундагы жашоо образын, менталитетин логикалык конструкциялоо, Кыргызстандын элдеринин маданий руханий дөөлөттөрүн, каада-салттарын, биримдигин жана улуттар аралык ынтымагын, өз ара мамилелерин, инсандык касиеттеринин системасын иликтөө учурдун талабы экени талашсыз.

«Манас» эпосунун терең көзкараштык мазмунда ар тараптан чагылдырылган эрдик, тайманбастык, айкөлдүк, адилеттүүлүк, ишмердүүлүк, намыскөйлүк өңдүү инсандык оң сапаттар азыркы мезгилде да келечек муундардын жарандыгын калыптандырууда негизги үлгүлөрдөн болуп келүүдө.

Мындай жагдайда бул чыгармада сүрөттөлгөн баатырлардын инсандык сапаттарын, алардын баалуулуктарын, маданий-руханий нарктуулуктарын, багыттуулугун, мотивдерин, максаттарын, карама-



каршылыктарын бүгүнкү жана келечектеги илимий парадигмалардын контекстинде кароо учур талабы. Демек, эпостогу Манастын, анын социомаданий чөйрөсүндөгү адамдардын инсандык сапаттарынын диалектикасын баалуулуктун чегинде, философиялык рефлексиянын деңгээлинде концептуалдуу анализдөө өтө актуалдуу милдеттерден болуп эсептелет.

**Изилдөө ишинин иштелип чыгуу даражасы.** "Манас" эпосунун бай эпикалык маңызына октябрь революциясына чейин эле бир топ чет өлкөлүк жана россиялык окумуштуулар көңүл бурушкан (Сайф ад-дин Ахсекент, Г.Франхель, Ч.Валиханов, В.Радлов, Г.Алмаши, Б.В Смирнов ж.б.). Совет мезгилинде бул чыгарманын мазмунун тарыхый-этнографиялык өңүттө В.М.Жирмунский, Б.Солтоноев, В.В.Бартольд, С.М.Абрамзон, А.Н.Бернштам, М.И.Богданова, К.Рахматуллин, Б. Жамгырчинов, Б.М.Юнусалиев, И.Молдобаев, К.Айдаркулов ж.б. ал эми көркөм-эпикалык багытта Р.Кыдырбаева, С.Мусаев А.Жайнакова, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев ж.б. изилдешкен. Бирок алардын эмгектери негизинен тоталитардык түзүлүш шартында жазылгандыктан "Манас" эпосун өздөштүрүүнүн тарыхый-социалдык жана руханий-нравалык, маданий аспектилеринде илимий жактан бир жактуулукка жол берилгендиги табигый көрүнүш.

"Манас" эпосу системалуу түрдө философиялык-методологиялык илимий анализдөөнүн предмети болгондугу социалдык-эпистемологиялык изденүүлөрдөн байкалат. А.А. Алтымышбаевдин, Б.А.Аманалиевдин, Ш.Б.Акмолдоеванын, С.Ы.Ыбыкеевдин, Ө.К.Козубаевдин ж.б. илимпоздордун бул чыгарманы тарыхый-философиялык маанисдеги изилдөөлөрүндө инсандык сапаттардын айрым жагдайлары бул феномендерге тутумдаш проблемаларды иликтөөнүн негизинде чагылдырылган. Ушул өңүттө Ш.Б. Акмолдоеванын «Манас ааламы» аттуу монографиясында эпостун мазмунундагы мифологиялык башаттары, байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы, негизги руханий баалуулуктар системасы каралат.

Энциклопедиялык чыгармадагы каармандардын атуулдук дүйнөсүн концептуалдуу анализдөөдө Т.А.Аскаровдун, А.А.Брудныйдын, А.А.Бекбоевдин, Г.А.Бакиеванын, Ж.Б.Бөкөшевдүн, М.Ж.Жумагуловдун, А.Ч.Какеевдин, А.И.Нарынбаевдин, Ш.М.Ниязалиевдин, А.И.Исмаиловдун, С.М.Мукасовдун, Б.С.Сыдыковдун, О.А.Тогусаковдун, ж.б., эмгектери методологиялык жактан чоң жардам берди. Мындай жагдай аталган окумуштуулардын эпистемологиялык изилдөөлөрүндөгү социалдык-руханий, этикалык багыттагы философиялык рефлексиялар инсан түшүнүгүн иликтөөдө теориялык негиз болушу менен түшүндүрүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектеринде «Манас» эпосунун көзкараштык мазмунун түрдүү аспектилерине

(коомдук аң-сезимдин деңгээлдери; дүйнөтаанымм, экологиялык проблемалар; эркин ойлом; этикалык, эстетикалык идеялар ж.б.) көңүл бурулгапы менен Манастын инсандык сапаттарынын мифоэпикалык конструкциясы, анын адамдык дүйнөсүнүн аксиологиялык ченеми; баалуулуктун контекстинде эпикалык чыгармадагы башка каармандардын атуулдук касиеттери, алардагы антиномиялар боюнча системалуу изилдөө жүргүзүлбөгөндүгүн белгилөөгө болот. Көпчүлүк учурларда бул проблемага байланыштуу экспликациялар үстүртөдөн (фрагменттик) же ретроспективдүү түрдө байкалат, б.а. кыргыздардын көчмөндүүлүктүн шартындагы тарыхый жашоосунун социомаданий мейкиндигиндеги инсандык сапаттардын келип чыгуусу жана калыптануусу, алардын өзгөчөлүктөрү концептуалдык маңызда али тактала элек; мындай объективдүү процесстеги мифологиялык, диний, тарыхый-социалдык жана табигый башаттардын өз ара аракеттенишүү диалектикасы да илимий иликтөөнүн предмети болуусу зарыл.

Айтылгандардын негизинде «Манас» эпосунун дүйнөкараштык мазмунуна; көркөм синкреттик структурасына таянуу менен инсандык сапаттардын имманенттик маңызын, социомаданий эволюциясын концептуалдуу анализдөө социалдык-эпистемологиялык изилдөнүүнүн актуалдуу багыты экендиги абзел.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп эпостогу Манас баш болгон негизги каармандардын инсандык сапаттары эсептелет. Ал эми изилдөөнүн **предмети** катары эпикалык чыгармадагы чагылдырылган инсандык сапаттардын социалдык, руханий-нравалык табияты каралат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Көчмөн кыргыздардын дүйнө таанымынын, этностук аң-сезиминин, баалуулуктарынын, нукура элдик каада-салттарынын контекстинде Манас баштаган атуулдардын көркөм-эпикалык образдары аркылуу алардын инсандык сапаттардын имманенттик маңызын концептуалдуу талдоо илимий изилдөөнүн башкы максаты. Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөндөгүдөй милдеттери аныкталды:

- кыргыз элинин көчмөндүү жашоосунун өзгөчөлүктөрүн эске алып, Манастын өзүндөгү атуулдук касиеттерди, анын иш-аракеттериндеги жакшылыкка жана жамандыкка болгон мамилесин, инсандык сапаттарынын калыптанышындагы табигый, социалдык-маданий чөйрөлөрдүн маанисин анализдөө;
- Манастагы инсандык касиеттердин системасынын аксиологиялык мазмунун көрсөтүү;
- эпостогу Бакайдын атуулдук сапаттарынын шайкештигин, байланыштарын кароо аркылуу алардагы баалуулуктарды аныктоо;
- Каныкейдин кыргыз аял затына тиешелүү касиеттерин, дүйнө таанымын жана рухий дараметин тарыхый-логикалык жактан



өздөштүрүүнүн экспликациясын берүү;

- Алмамбеттин ар тараптуу жөндөмдүүлүктөрүн, эрдиктерин ой-сересинен өткөрүү, ошол көчмөндүү жашоо мезгилдеги анын жарандык ордун тактоо;

чыгармадагы Коңурбайдын жана башка терс каармандардын мифоэпикалык образдарынын негизинде алардын инсандык сапаттарынын социомаданий ченемин, эволюциясын көрсөтүү.

**Диссертациянын методологиялык жана теориялык негиздери.** Иште коюлган проблеманы чечүүдө изденүүчү жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, себептүүлүк, тарыхыйлуулук, объективдүүлүк сыяктуу диалектиканын негизги принциптерине таянды. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-салыштырма, синергетикалык, этнопедагогикалык, психологиялык ыкмалар; анализ, синтез, индукция, дедукция жана башка жалпы логикалык методдор; цивилизациялык, этностук, тарыхый социомаданий өнүгүүлөргө баалуулуктун контекстинде конкреттүү мамиле жасоо, системалуулук жоболору колдонулду.

Изилдөөнүн базалык булактары катары Манас таанууга байланыштуу тарыхый-илимий жана конкреттүү-илимий мүнөздөгү изилдөөлөр, Кыргыз республикасынын ИУАнын кол жазма фондунун материалдары пайдаланылды. Зарылчылыкка жараша талапкер инсан проблемасы боюнча ата мекендик жана чет элдик адистердин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына талапка ылайык кайрылды.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Изилдөөдө социалдык философиялык, этикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүү контекстинде эпостогу каармандардын инсандык сапаттарын чагылышы системалуу-концептуалдуу анализденип, адамдык баалуулуктар аркылуу көчмөндүү цивилизациянын шартындагы кыргыз элинин дүйнө кабылдоосунун өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү. Иштин илимий-теориялык маанидеги жаңылыктары катары төмөнкү логикалык жалпылоолорду кароого болот:

- Манастын өзүнүн реалдуулукту өздөштүрүүсүнө, негизги атуулдук баалуулуктарына жана кыргыз элинин байыртадан татаал жашоосунун шарттарындагы иш-аракеттеринин системасына, инсандык сапаттарынын (касиеттеринин) калыптануусунун өзгөчөлүктөрүнө, диалектикасына жана асыл-нарктуулугуна көңүл бурулду;
- Манаска пейилдеш адамдардын инсандык сапаттарынын топтомунун аксиологиялык мазмуну, маңызы; дүйнө таанымы, ошол мезгилге шайкеш табигый, социомаданий мейкиндиктеги ишмердүүлүктөрүнүн алкагы, көчмөндүү турмушту түшүнүүлөрүнүн ченеми илимий логикалык конструкциядан өткөрүлдү;
- Энциклопедиялык чыгармадагы каармандардын атуулдук касиеттеринин, мүнөздөмөлөрүнүн жаңы геосаясий мейкиндикте улуттук

кайра жаралуудагы мааниси, руханий асылзаттык ролу көрсөтүлдү;

- Эпосто чагылдырылган кыргыз элинин биримдигине каршы адамдардын индивидуалдык сапаттарынын маңызы, руханий-правалык башаттары ой сересинен өткөрүлүп, алардагы антиномиялардын табияты философиялык рефлексиясынын деңгээлинде анализденди.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**

«Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттарын изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгү жоболор коргоого сунуш кылынат:

1. Эпикалык чыгарманын терең дүйнөкараштык мазмуну айкын көрсөткөндөй, Манастын атуулдук калыптануусундагы башкы руханий багыты – бир бүтүндүктү сактап, кыргыз элин бириктирип, өз алдынча мамлекет түзүү; негизги асыл, бийик сезимдери – Ата-журт, Мекен, Эл, Жерди ыйык тутуу; андагы түпкү адамдык баалуулуктар: баатырдык, адилеттүүлүк, гумандуулук, патриоттуулук, айкөлдүк, намыскөйлүк, кайрымдуулук жана башкалар. Алардын ар биринин өзөгүндө асылдыктардын «уюткусу» орун алган.

2. Бакайдын асыл сапаттарынын системасы –кандай гана кыйынчылыкка учурабасын, бийик атуулдук абройунан, адамгерчилигинен жазбаганы, өз башын корголотуп, чыккынчылыкка барбаганы, көсөмдүгү, даанышмандыгы, акылмандыгы, кайраты менен бардык кыйын кезеңди жеңе билгендиги; ошол феномендер аркылуу улуулуктун, кутман карылыктын символу катары көрүнүшү аксиологиялык мааниге ээ;

3. Эпостогу даана чагылдырылган Каныкейдин кыраакылыгы, баамчылдыгы, алдыда боло турган жакшылык – жамандыкты сезе билген көзү ачыктыгы; бүткүл өмүрүндөгү иш-аракеттери элдин ар-намысын, эркиндигин, жыргалчылыгын коргоого арналгандыгы ж.б. анын инсандык, гендердик дараметинин өтө жогору экендигин көрсөтөт. Ал кыргыз аялдарына таандык болгон акылгөйлүк, мээримдүүлүк, абийирдүүлүк, ырышкердик сыяктуу үлгү боло турган асыл сапаттарды сактайт жана өнүктүрөт;

4. Алмамбеттин эпосто туюнтулган касиеттери - баатырдык, калыстык, адилеттүүлүк, акылмандык, эл-жерин сүйүүсү ж.б. аркылуу анын атуулдук мифоэпикалык сүрөттөлүшү берилет. Бул каармандын кабыл алуусу курч, эске тутуусу бекем, аналитикалык ой жүгүртүүсү терең, чыгармачылыгы бай, жалпы жөндөмдүүлүгү бийик, талanttуу, эрки күчтүү инсан;

5. Коңурбай баш болгон Манаска карама-каршы тараптардын негизги иш-аракеттери жамандыкка багытталган, атап айтканда, калктын бүтүндүгүн, ынтымагын, эгемендүүлүгүн ыдыратуу, элди талап-тоноо, өзүмчүлдүк, өз ара биримдиктеринин жоктугу, башкаларга көз артуу же көрөалбастык, калкына кызмат кылуу эмес, жеке пайдалар



үчүн жаман иштерге баруу. Алардагы негизги баалуулук – материалдык байлыктар, индивидуалдык керектөө, өздүк мүдөөлөрдү канааттандыруу, жеке кызыкчылыктарды элдик, этностук кызыкчылыктардан жогору коюу ж.б.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.**

Диссертациялык иштеги жалпыланган концептуалдуу жоболор кыргыз элинин атуулдарынын өтмүштөгү дүйнө таанымын терең түшүнүү, өздөштүрүү; демократиялык, жарандык коомду түзүүгө багыт алган көз карандысыз Кыргызстандын социалдык-саясий турмушунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, улуттук кайра жаралуунун тенденцияларын аныктоого жигердүү салымын кошмокчу. Ошону менен бирге диссертациянын теориялык-методологиялык илимий жыйынтыктарын социалдык философия, этика, социология жана психология боюнча атайын курстарда, лекцияларда, семинардык сабактарда, ошондой эле «Манас» эпосуна тиешелүү эпистемологиялык изилдөөлөргө таяныч база катары колдонууга болот. Изилдөөдө берилген корутундулар манастаануу боюнча окуу куралдарын жазууда, жаш муундарды патриоттуулукка, правалуулукка тарбиялоодо кызмат өтөшү мүмкүн.

Бул илимий иликтөө Манастын жана анын социомаданий мейкиндигиндеги адамдардын инсандык калыптануу өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү багытында да практикалык чоң мааниге ээ. «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттарын системалуу изилдөө улуттук, этностук руханий маданияттын маңызын терең ачууга, социалдык ченемин түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациянын негизги идеялары менен жоболору автор тарабынан «Манастын осуяты – мамлекеттик идеологиянын негизи» эл аралык конференциядагы (Талас, 2000), «Непрерывное образование в новом информационном пространстве» деп аталган эл аралык конференциядагы (Бишкек, 2001.) «Казахстанская цивилизация: проблемы адаптации и социализации человека» аттуу эл аралык конференциядагы (Алматы, 2005 г.); «Современность: философские и правовые проблемы» аттуу республикалык илимий теориялык конференциядагы (Бишкек, 2006), докладдарда, талкууларда жана «Мысль» (Алматы, 2006, №6), «Поиск» (Алматы, 2006, №3) журналдарында, илимий макалаларда (14)чагылдырылган.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын философия жана укук Институтунун социалдык философия жана логика, философиянын теориясы жана тарыхы, эстетика жана этика, гносеология жана социалдык экология бөлүмдөрүнүн кеңейтилген кеңешмесинде талкууланып, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын структурасы.** Иш киришүүдөн, эки баптан, төрт

параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, изилденүү даражасы мүнөздөлдү, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталды, методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Манастын инсандык сапаттарынын мифоэпикалык конструкциясы»** аттуу **биринчи бапта** «Манас» эпосунун бай жана терең көзкараштык мазмунунун ар түрдүү аспектилерин изилдөөчүлөрдүн илимий-теориялык жоболоруна; чыгарманын эпикалык дүйнөсүн өздөштүрүү үчүн колдонулган принциптерге (ырааттуулук, себептүүлүк, карама-каршылык, тарыхыйлуулук ж.б.)таянуу аркылуу табигый, социалдык-маданий чөйрөлөрдүн каармандардын инсандык калыптануусуна тийгизген таасири, ошол доордогу адамдардын дүйнө таанымы, коомдогу этностук аң-сезимдин өзгөчөлүктөрү, баалуулуктары, детерминаттары иликтенип, Манастын атуулдук касиеттеринин имманенттүү маңызы жана аксиологиялык ченемдери анализделинет.

**«Социомаданий мейкиндиктеги Манастын атуулдук парадигмалары»**деген **биринчи параграфта** эпостогу көптөгөн мифологиялык жана гиперболизацияланган, интуитивдүү-символдоштурулган ойломдун формаларын жолуктургандыгыбызга карабастан, көчмөн цивилизациянын шартында адам сапаттарынын калыптануу процесси негизги каармандардын турмуштук такшалуу эволюциясы, «социалдануу» тенденциясы менен тыгыз байланышкандыгын белгилөөгө болот. Анын негизинде инсандын сапаттык калыптануу диалектикасы табигый, социотабигый, социомаданий мейкиндиктердин ширелишкен тутумунда болуп, ал аркылуу детерминизацияланып, сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык жаңылануучуларга, жөнөкөйдөн татаалга, карама-каршылыктардын пайда болуп, өнүгүп жана чечмелениши, иррационалдуулуктан рационалдуулукка, эмпирикалуулуктан логикалуулукка өтүү өңдүү мыйзам ченемдүү көрүнүш экендиги абзел. Ушул өңүттөн алганда Манастын жекече жана жалпы инсандык сапаттарынын калыптануусунда реалдуулуктун көп түрдүүлүгүнүн, айрыкча чөйрөнүн ага тийгизген таасирлерине көңүл буруп, анын өзүндөгү моралдык баалуулуктарын, жүрүм-турум нормаларындагы оң жана терс сапаттарын, рухий жана материалдык керектөөлөрүн, кызыгууларын, ошондой эле коомдук катыштарын (мамилелерин) маданий-руханий



деңгээлде карап, жашоо маңызын талдоо зарыл. Дегеле көчмөндүүлүктүн шартындагы Манастын атуулдук касиеттеринин (баатырдык, каармандык, патриоттуулук, айкөлдүк, достукка бекемдиги ж.б.) аксиологиялык мазмунга ээ экендигин баса көрсөтүү социалдык-эпистемологиялык парадигма болуп саналат.

Байыртадан тартып, орто кылымдарда кыргыздардын коомдук турмуштагы идеалы – бул белгилүү бир инсандын тегерегине биригүү болгон. Анткени, ал мезгилде ата-бабаларыбыз чет элдик күчтүү баскынчылардан коргой ала турган атуулга муктаж эле. Ошондуктан, манасчылар кыргыз элинин баатырына тиешелүү эң жакшы инсандык сапаттарды Манаска ыйгарышып, топтоштурушкан. Жоокерчилик заманда кыргыз элинин башын бириктирип, эли-жерин коргоочу баатырга муктаждыгы – тарыхый зарылдык болсо, ошол атуулдун Манас болушу кокустук.

Энциклопедиялык эпикалык чыгармада Манастын өзүнүн адамдык болмушу, касиеттеринин пайда болуу, ыраатуу калыптануу жана өнүгүү диалектикасы, бир жагынан, табият (аалам, табигый чөйрө, калк отурукташып тиричилик кылган жер) менен байланыштырылып, каармандын мүнөздөмөлөрү жаратылыш кубулуштарына жалгаштырылат. Экинчи жагынан, атуулдук белгилер социалдык чөйрөгө (социалдык-экономикалык, социомаданий, руханий-нравалык, саясий жагдайлар) ылайыкташтырылып, көчмөндүү кыргыз элинин турмушунун татаалдыгы, карама-каршылыктуулугу, жашоо образы менен шартталгандыгын көрүүгө болот.

Манастагы атуулдук сапаттарынын системасы жоокерчилик замандын көп кырдуу имманенттүү мазмунун туюнтат, ар түрдүү байланыштарга, алака мамилелерге карата көп сапаттуу инсандык өзгөчөлүктөр келип чыгышы мыйзамдуу көрүнүш. Эпикалык каармандын элди, жерди коргоо аракети менен шартталган касиеттерине төмөндөгүлөрдү кошууга болот: эркиндикти баалоо, чечкиндүүлүк, патриоттуулук, намыскөйлүк ж.б. Ал эми адамдарга, этноско, улуттарга, жалпы калктарга камкордук көрүүдөн Манастын гумандуулугу байкалат. Элди биримдикке, ынтымакка чакыруудан, ага кам көрүүдөн, анын достукка бекемдиги, милдеттүүлүгү көрүнөт. Эпостогу башка каармандардай эле Манастын ишмердиги, эмгекчилдиги, ак ниеттүүлүгү, кайрымдуулугу коомдук же социомаданий мамилелер системасына «сүңгүп кирип», аны ыраатуу өздөштүрүүсүн туюнтат. Анын инсандык сапаттарын туюнткан парадигмалар төмөнкүлөр: Манастагы негизги идея – бул эркиндик, көз каранды эместик идеясы; көздөгөн максаты – кыргыз элинин суверендүүлүгүн сактап, өздүк мамлекеттүүлүгүнө, өзгөчө өлкө катары өнүгүүсүнө жетишүү; көчмөндүү турмуштун шарттарында калыптанган анын патриоттук сезими, эли-жерин коргоо, сактоо, улуттук ар-намыс,

кайрадан жаралуу үчүн күрөшүүгө бүтүндөй атуулдук дүйнөсүн, дараметин багыттаны, жер – элдин байлыгы, мамлекеттин негизги табигый фундаменти катары каралышы ж.б.

**«Манастын инсандык сапаттарынын аксиологиялык ченеми»** аттуу **экинчи параграфта** каармандын инсандык касиеттеринин баалуулугуна, көөнөрбөс нарктуулугуна, аларга асылдыктар сиңирилгендигине, жакшылык жана жамандык феномендеринин контекстинде атуулдук сапаттардын руханий-нравалык, адеп-ахлактык, баалуулук ориентациясына өзгөчө маани берилди.

Манастын кыргыз элинин социомаданий мейкиндигиндеги алган ордун, бийик абройун мүнөздөөчү инсандык сапаттардын өзүндө (ажырагыс түрдө) нарк-насилдер, баалуулуктар системасы орун алып, тарыхый конкреттүү мүнөзгө ээ болуп, диалектикалык өнүгүүдө турушу мыйзамдуу көрүнүш. Дегеле каармандын атуулдук касиеттеринин аксиологиялык мазмуну дайыма жакшылыктын жамандыктын үстүнөн болгон жеңиши, салтанат курушунан байкалат. Бул жагынан алып караганда эпостун «кан тамырынан бери терең тараган» эпикалык түзүлүшүнүн өзөгүн аныктаган өмүр, жашоо, эркиндик, биримдик, көз каранды эместик, адептүүлүк үчүн жан аябай күрөшүү ириде жакшылыктын жаркын жышааналарын билдирет.

Энциклопедиялык чыгарманын бардык варианттарында бирдей бааланган Манас башында турган оң каармандардын тайманбастыгы, гуманддуулугу, ноюбастыгы, кайраткерлиги, көтөрүмдүүлүгү, баатырдыгы, жогоруда азыноолак белгиленгендей, жаратылыш кубулуштарына окшоштурулуп жана ыңгайлаштырылып, ошолор аркылуу сүрөттөлөт. Манастын чексиз баатырдыгы көк жолборско, кабыланга; сымбаты – арстанга, алтын менен күмүштүн, асман менен жериңдин ширөөсүнө, күн менен айдын жаркынына; алптыгы – жер жердигинен, калыңдыгынан түтүн көтөргөндүгүнө; курчтугу бет алган жагынан кайтпастыгы – дайранын толкунуна, отко (жалынга) салыштыруулар аркылуу көркөмдөлүп чагылып берилген. Бул жагдайда башкы каармандын атуулдук касиеттеринин нарктуулугунун, асылдыгынын критерийлери (көрсөткүчтөрү) табияттын көрүнүштөрү аркылуу аныкталат.

Манастын инсандык сапаттарынын баалуулук ченемдери социомаданий кубулуштардын ички логикасы жана диалектикасы менен да аныкталары абзел. Ага колдонулган айкөл деген маңыздуу касиет коомдук мамилелер системасына, этноско жана адамдарга социалдык чөйрөгө карата анын жогорку адамгерчилигин, кең пейилдигин, кечиримдүүлүгүн айгинелеп турат. Ошондуктан, эпикалык каарман бүт өмүрүн ат үстүндө, казат жолунда, кандуу кыргында өткөрүп, ата-бабаларыбыздын көөнөрбөс наркын сактап, кишинин баалуу болмушун бийик, ыйык тутуп, элдин көз каранды эместиги, биримдиги, бейкут



турмушу үчүн күрөшөт. Мында айкөл баатыр жоокерчилик замандын өзгөчөлүгүнүн шартында терең ойлонулган акыл иш-аракети, эрк сапаттары (күчтүү мүнөз, эрдик, чечкиндүүлүк, тайманбастык, өжөрлүк жана башкалар) менен согуш философиясын иштиктүү өздөштүргөн. Согуштук окуяларда баатыр Манас, бир жагынан урушта жеңилбей турган абдан сүрдүү, көргөн элдин дене бою титиреткен канкор, ажыдаар, жолборс, көк жал сыяктуу сүрөттөлөт, экинчи жагынан ал кандай айбаттуу болсо да Бакай, Кошой өңдүү кутман карыялардан акыл сурап, алардын кеңешин угат, өзүнө карата айтылган сын-пикирлерди туура кабыл алат, катаал кырдаалдарда да, ал тургай өз жарадар болгондо да душмандар менен кармашты улантып, жоокерлерди алга умтулууга, жеңишке, кайраттуулукка, намыстуулукка чакырып, чыдамдуулугун билдирет. Ошондой эле жеңилген элге айкөлдүктү, гумандуулукту, баамчылдыкты, билгичтикти, кечиримдүүлүктү көрсөтүп, жеңилгендерди талап-тоноого жол бербей, алардын өмүрүн, байлыгын сактоого кам көрөт.

Манастын өзүндө калыптанган негизги инсандык баалуулуктар (ата-журтту, эл-жерди душмандардан коргоо, кыргыз элинин биримдиги, ынтымагы үчүн кам көрүү, баатырдык, эрдик, элге, жерге деген сүйүү, достук, айкөлдүк, кең пейилдик, гумандуулук, патриоттуулук, өмүр бою калкына кызмат кылуу альтруизм өңдүү бийик сапаттар) дайыма болмуштук түзүлүшүнө жакшылыкты, асылдыкты, керемет-кенчтүүлүктү, нарктуулукту камтып турат. Башкы каармандын атуулдук касиеттеринин системасы көчмөн кыргыз элинин татаал турмуш жашоосунун, табиятка, социалдык болмушуна карата мамилелеринин руханий-нравалык көрүнүшү, натыйжасы болуу менен бирге калкыбыздын социалдык мейкиндик жана мезгилдик өнүгүү тутумунда анын нарктуулугу, асылдыгы артып, интеллектуалдык жаңы «бийиктикке» көтөрүлүп, көз караштык, таанып билүүчүлүк, патриоттук жана тарбиялык мааниси жогорулагандыгы зарылдык. Дегеле Манастын, ал баштаган оң каармандардын баалуулукту өзүнө сиңирген сапаттарынын ширелишкен биримдиги ар бир эл мекенинде жашап, анын гүлдөшү, бүгүнкү жана эртеңки боло турган чындыгы айгинелөөдө, атуулдардын бактылуу чыгармачылыгы үчүн эмгектене билишинде, бүтүндөй интеллектуалдык потенциалын өлкөсүнүн, калкынын жигердүү өнүгүшү, улуттун кайра жаралуусу үчүн жан аябай күч жумшоосунда негизги руханий өбөлгө болот. Мындай жагдай учурунда Манастын курчап турган социомаданий чөйрөнү өзүнүн, барыдан мурда кыргыз калкынын мүдөөлөрүнө, керектөөлөрүнө карата өзгөртүүгө умтулушунан, белгилүү бир максатка, баалуулук ориентациясына карай элди үндөп, уюштуруп, ал иштин жыйынтыгын көрө билүүгө жөндөмдүүлүгүнөн, традициялык аң-сезимдин

элементтерин, кыргыздардын жана канаатташ элдердин каада-салтын урматтап, ийгиликтүү колдонууга жасаган аракетинен ачык көрүнөт.

**«Манас» эпосундагы инсандардын социалдык-этикалык сапаттары»** деген **экинчи бапта** андагы чагылдырылган атуулдук касиеттердин системасын тарыхый-логикалык рефлексиядан өткөрүү аркылуу Манаска таламдаш адамдардын жана терс каармандардын сапаттарына концептуалдуу анализ жүргүзүлөт.

**«Баалуулуктун контексинде адамдардын сапаттарынын туюнтулушу»** аттуу **биринчи параграфта** Манастын айланасындагы ага санаалаш жана пейилдеш эпикалык каармандардын инсандык сапаттарынын баалуулукту камтыган мазмунуна көңүл бурулат.

Эпостун түрдүү варианттарында чагылдырылгандай, Бакайдын алдын ала көрөгөчтүгү, акылмандыгы, гумандуулугу, жеке эле коңшу, тектеш элдер менен гана эмес, башынан жоолашып келген калктар менен да тынчтык мамиледе жашоону көздөп, ынтымагын сактап, бири-бири менен согушуп, талоончулук менен байлыкка ээ болууга каршы турушунан көрүнөт. Бакайдагы негизги атуулдук баалуулук эл-жери, баатыры Манас үчүн адал кызмат кылуу, өзүнүн кызыкчылыгынан калкынын кызыкчылыгын жогору коюу болуп эсептелет. Анын жекече касиеттери, б.а. акылмандыгы, билгичтиги, эс-акылынын ийкемдүүлүгү, көңүл буруусунун, кабыл алуусунун күчтүүлүгү, багыттуулугу жакшы өнүккөн, абстрактуу ойлоого бай, тийиштүү жерде максималдуу түрдө образдуу көрө билүүгө да жөндөмдүү, ал дайыма шашпай, тең салмактап, терең анализдеп ой жүгүртөт, турмуштук тажрыйбасы мол. Бакай кыйын жагдайларда өзүн токтоо, сабырдуу кармап, кырдаалдан тез чыгуу жөндөмдүүлүгүнө, ойлонуп сүйлөгөн чечендик, алдын ала көрө билген көрөгөчтүк касиетине да ээ. Жогоруда учкай белгиленген анын атуулдук сапаттары өзүнө нарктуулукту, асылдуулукту сиңиргендиги белгилүү.

Энциклопедиялык чыгармада көркөм образдуу көрсөтүлгөндөй, Каныкей даанышман, акылман, сыр билги, кыраакы гана эмес, жандан ашкан уз, кандайдыр бир жамандыктын болорун алдын ала сезе билүүсү, жөнөкөйлүгү, сарамжалдуулугу, сөзгө чечендиги, акылынын курчтугу, ачык-так ой жүгүртүп, терең талдоого жөндөмдүүлүгү жана башка социомаданий жактан баалуу мүнөздөмөлөрү менен өзгөчөлөнгөн аялзатынын өкүлү. Андагы инсандык сапаттар кыргыз элинин нечен кылымдардан берки жашоо тиричилигинен келип чыккан мыкты, үлгү деп эсептелген түрдүү адамдык касиеттерди белгилүү деңгээлде топтоштуруу, гиперболизациялоо аркылуу жаралган. Эпикалык каарман Каныкейдин өмүрүндөгү иш-аракеттери элдин ар-намысын, эркиндигин, жыргалчылыгын коргоого, сактоого арналган. Ал кыргыз аялдарына таандык болгон акылмандык, мээримдүүлүк, жароокерлик, көтөрүмдүүлүк сыяктуу асыл сапаттарды сактайт жана өнүктүрөт.



Эпосто өзгөчө маани берилген каарман Алмамбет достукка бекем, жолдоштукту ыйык туткан, кыргыз эли үчүн ак кызмат кылган, аскер адистигин жаштайынан жакшы билген, эл-жер шартын иштиктүү өздөштүргөн, кыраакы, сезгич жана эске тутуусу курч баатыр. Алмамбеттин акылмандыгы, калыстыгы, эрдиги, тайманбастыгы пейилинин кеңдиги, туруктуулугу, убадага бекемдиги, айкөлдүгү, кечиримдүүлүгү, гумандуулугу, адамкерчилиги, адилеттүүлүгү, акыл-эсинин тереңдиги, ачык-тактыгы, билимдүүлүгү олуялыгы, көрөгөчтүгү ж.б. негизги сапаттары анын адамдык дараметинде баалуулуктардын системасы калыптанып, өнүккөндүгүн көрсөтөт. Мындай жагдай Алмамбеттин кытай жана кыргыз элдеринин табигый, социомаданий мейкиндиктериндеги аксиологиялык мазмунду өзүнө сиңире алган, руханий дүйнөсүнө айландырган атуул экендигин айгинелеп турат.

**«Эпостогу каармандардын инсандык касиеттериндеги антиномиялар»** аттуу **экинчи параграфта** кыргыз элинин көчмөндүү жашоо мейкиндигиндеги жоокерчиликтин диалектикасындагы карама-каршылыктардын же антиномиялардын (жакшылык менен жамандык феномендери) табияты ачылып берилет.

Эпикалык чыгармада чагылдырылган Манастын, ага пейилдеш каармандардын бардык баатырдык иш-аракеттери, согуштары социалдык карама-каршылыктардын, конфликттердин ырааттуу чечмелениишинин көрүнүшү. Анын жана таламдаш баатырларынын башкы мүдөөсү кыргыз элине чачыранды урууларынын башын кошуп, алардын жетектеген лидерлерди ынтымакка чакырууга, баштарын өлүмгө байлап, ар бир согушта өз калкынын намысын коргоп, эл-жери үчүн кызмат кылууга багытталган.

Жоокерчилик замандагы каршылашкан жактардын (маселен, ата-журтун бейкуттугун коргоочулар жана баскынчылар), алардын конфликттик мамилелеринин өнүгүшүнүн өздүк логикасы көрсөткөндөй, баатырлык сапат оң каармандарга гана эмес терс каармандарга да мүнөздүү. Ушул өңүттө ошол учурдагы душмандардын эң көрүнүктүү өкүлү Коңурбайды баатыр эмес деп айтууга болбойт, күч, кайрат жагынан Манастан эч жери кем эмес. Бирок, ал моралдык сапат жагынан оң каармандардын кимисинен болсо да төмөн турат, себеби митайымдыгы, арамзалыгы, арсыздыгы, намыссыздыгы менен айрымаланган Коңурбайдын ыймансыз касиеттери анын баатырдыгын «төмөндөтүп», чексиз күчүн кандайдыр бир деңгээлде жокко чыгарат. Коңурбайдын негизги максаты айла амал, куулук, арамзалык жол менен Манасты, ага пейилдеш баатырларды жок кылуу, тынч жаткан элди бүлүндүрүп тоноо, бийлик, байлыкка умтулуу болуп саналат.

Коңурбай согуш ишине жөндөмдүү, айлакер, билимдүү баатыр болгону менен анын атуулдук жан-дүйнөсү тар, материалдык байлыкты баарынан жогору койгон, карапайым калктын үстүнөн чексиз бийлик

кылганды эңсеген, элдин кызыкчылыгын эсептебеген эпикалык каарман. Коңурбайда кара көрө албастык, принципсиздик, кара өзгөйлүк басымдуулук кылат, тобокелдикке барууга өз эркинин күчү жетпейт. Ошону менен бирге эле ал өтө кыраакы, акылдуу, сак, амалкөйлүк, көрөгөчтүк касиеттерге ээ.

"Манас" эпосундагы көркөм образдуу сүрөттөлгөн душмандарды экиге бөлүп кароого болот: тышкы жана ички душмандар. Тышкы душмандарга Коңурбай, Жолой, Нескара, Эсенкан, Алооке ж.б. кирет. Алардын дээрлик бардыгы жоо саяр баатырлар, топ бузар балбандар. Бул аспекте эпикалык атуул Жолойду алып көрсөк, ал белгилүү баатыр, балбан болгону менен анын күчү максатсыз, пайдасыз иш-аракеттерге жумшалып, духунун бекемдиги эмес, тескерисинче, рухий дүйнөсүнүн жардылыгын туюнтуп турат. Жолойдун жанда жок сорготугу, мактанчаактыгы, алабармандыгы буга огобетер далил боло алат. Дегеле нравалуулуктан, адеп-ахлактыктан четтеген, мазмуну жана маңызы боюнча аларга каршы келген атуулдук касиеттер (наадандык, көрө албастык, пейилдин тардыгы, арамдык, амалдуулук, түркөйлүк, пастык, калкты бөлүп жаруучулук, мансапкорлук, бийликке, байлыкка кандай болсо да жетүүнү эңсеген терс эмоциялар ж.б.) кимге таандык болгондугуна карабастан биздин элибиз аны күнөөлөп, душман катары эсептешкен.

Энциклопедиялык чыгармада ички душмандардын эпикалык сүрөттөлүшү Жакыптын жана Көзкамандын уулдарынын образдары аркылуу берилгендиги белгилүү. Жакып атуулдук белгилери боюнча Манастын ички дүйнөсүнө, мүнөзүнө да, тилек максаттарына да карама-каршы турат. Манаска альтруизм, кең пейилдик, ак көңүлдүк, айкөлдүк, элчилдик касиеттер таандык болсо, Жакыпка жеке керт башынын гана камын көрүп, ач көздүк, сараңдык, ичи тардык, арамзалык өңдүү сапаттар тиешелүү.Ал эми Көзкамандын уулдарына мүнөздүү негизги социалдык мотив бийликке көз артуу, көрө албастык жана мансапты эңсөө. Көкчөкөз баш болгон Көзкамандын уулдары өздөрүнүн жеке мүдөөлөрү, кызыкчылыктары үчүн кам көрүп, бийлик, байлыкты баарынан жогору баалап, Манас үчүн ач көздүк менен адамгерчиликке сыйбаган наадандык жоруктарды жасашат. Көзкамандын балдарынын арасында биримдиктин жоктугу, өз ара бири-биринен шектенүүлөр, өзүмчүлдүк, ар биринин өз бетинче бийликке умтулуусу, кызганыч, арамдык сыяктуу терс маңыздагы эмоциялардын, өздөрүнүн ичинен да биринчилик үчүн күрөшүүнүн, конфликттердин натыйжасында алардын тагдыры трагедия менен аяктайт.

**«Корутундуда»** диссертацияда изилдөөнүн негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктар көрсөтүлдү:

1. Көчмөн кыргыз элинин татаал турмушу, жашоосу, табигый, социомаданий, руханий-нравалык жана геосаясий мейкиндиктери



калайык калктын биримдигин, мамлекеттүүлүгүн камсыз кыла алган, улуттук, этностук жаралууну, өнүгүүнү ишке ашыра турган инсандардын төрөлүшүнүн, калыптанышынын, активдүү чыгармачыл, жаратман болмуштарынын тарыхый зарылдыгын шарттайт. Мындай обүективдүү көрүнүш көзкараштык мазмуну, имманенттүү маңызы, маанисинин тереңдиги, көлөмү боюнча дүйнөдө теңдешсиз болгон энциклопедиялык чыгарма «Манас» эпосунда мифоэпикалык, көркөм-образдуу, синкреттик формаларда чагылдырылып, андагы каармандардын атуулдук бийик абройлору, баатырдык, жоокердик касиеттеринин ошол мезгилдеги дүйнөтаанымдын (философемалардын, экологемалардын, эмприкалык билимдердин ж.б.), этникалык педагогиканын, элдик психологиянын контекстинде берилишинен байкалат.

2. Эпикалык каарман, тарыхый инсан Манастын атуулдук калыптанышы табигый, социалдык-экономикалык жана маданий-руханий чөйрөлөр менен тыгыз байланышкан; кыргыздардын дүйнөтаанымы, менталитети, маданияты, үрп-адаты, каада-салттары жана ата-бабалардан бери парз катары келе жаткан эл-жерди коргоо, сактоо психологиясы ж.б. Манастын адамдык болмушуна зор таасирин тийгизген. Айрым учурларда эпосто Манастын атуулдук дүйнөсү, сапаттарынын системасы кандайдыр бир деңгээлде «күчөтүлүп», адамдагы мыкты касиеттер жыйынтыкталып, топтоштурулуп берилсе да, бул каармандын элибиздин тарыхый өнүгүшүндө ага ченемсиз жакшылыктарды жазаган айкөл, асыл, арктуу сыймыгы жана калкыбызга туу экендиги акыйкат.

3. Кыргыз элинин көчмөндүү турмуш-тиричилигинен, жоокерчилик заманынан, адам менен табияттын ажырагыс биримдигинен, дүйнө түшүнүүсүнөн, социалдык таанымынан өзөк алган Манастын инсандык сапаттарына төмөндөгүлөр кирет: баатырдык, эрдик, эрктүүлүк, айкөлдүк, адилеттүүлүк, гумандуулук, намыскөйлүк, боорукерлик, чечкиндүүлүк, кайрымдуулук, жоопкерчилик, патриоттуулук, жакшылыкчыл ишмердүүлүк, кайраттуулук, кыраакылык, кең пейилдик, акылмандык жана башкалар. Бул сапаттар айкөл Манастын түрк цивилизациясындагы, айрыкча Борбордук Азиядагы, өзгөчө биздин элибиздин кылымдарды «карыткан» тарыхый жашоосундагы, өнүгүшүндөгү адамдык ордун, анын калкыбыздын биримдиги, эл-жердин корголушу, сакталышы үчүн эбегейсиз мааниманызын туюнтуп турушат.

4. Манастын инсандык сапаттары номинадтык цивилизациянын өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирген социомаданий мейкиндиктин жана мезгилдин тутумунда карама-каршылыктардын пайда болушу, өнүгүшү жана чечмелениши, сандык, сапаттык өзгөрүүлөр; тануулар, танылуулар аркылуу өнүгүүдө, баюуда, тереңдөөдө болуп, баалуулуктары артат.

Каармандын керт башына таандык атуулдук касиеттер системасы өзүнүн ички логикасына нарк-насилдерди, керемет-кенчтерди, асылдыктарды камтып, муундан-муунга, укумдан-тукумга өтүп, баалуулугун сактап, азыркы учур жана келечек үчүн да аксиологиялык ченемин кеңейтет.

5. Айкөл Манастын инсандык сапаттарынын өзгөчөлүгүн, баалуулук ориентацияларын мүнөздөөдө ага пейилдеш, таламдаш адамдардын (Бакай, Каныкей, Алмамбет ж.б.) атуулдук касиеттерин философиялык рефлексия аркылуу кароо эпистемологиялык табиятты өзүнө сиңирип турат. Эгерде кыргыз элинин кутман карыларына, даанышмандарына таандык сапаттар артыкча Бакайга (акылмандык, насаатчылык, сынчылык, чечендик, алдын ала көрө билүүчүлүк, баатырдык, патриоттуулук, адилеттүүлүк, бийик ыймандык ж.б.) мүнөздүү, деп эсептелинсе, ал эми Каныкей сыр билги, ашкан сарамжал, чебер-уз, акылга дыйкан, боорукер, кайрымдуу, чечен, сынчы-көрөгөч, эрктүү, намыскөй катары эпикалык чыгарманын имманенттүү мазмунунда сүрөттөлөт. Ошону менен бирге эле Алмамбеттин баатырдык абройу өзүнүн көп кырдуулугу менен бөтөнчө маанилүү. Анын инсандык сапаттары (эрдиги, калыстыгы, адилеттиги, гумандуулугу, сынчылыгы, жайчылыгы, достукка бекемдиги, кайраттуулуугу, артыкча каармандыгы, терең аскердик өнөрү ж.б.) баатырдын адамкерчиликке, кызматташтыкка, эл-жерин сүйүүгө ширелишкен руханий дүйнөсүнөн ачык байкалат.

6. Кыргыз элинин көчмөндүү турмушунун шартындагы социалдык конфликттердин көп түрдүүлүгүнүн контекстинде «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык касиеттериндеги карама-каршы жагдайларды же антиномияларды акыл-эс сересинен өткөрүү социалдык-эпистемологиялык мааниге ээ. Манас жана ага таламдаш адамдардын жашоосунун лейтмотиви эл-журт үчүн кызмат кылуу, жакшылык жасоо, патриоттуулук, гумандуулук, айкөлдүк сыяктуу правалык сапаттар менен ширелишип, айкалышса, Коңурбай баштаган терс каармандардын атуулдук руханий дүйнөсү жеке керт баштарынын кызыкчылыгы, бийликке, байлыкка, мансапка умтулуу, айлакерлик, куулук, арамзалык, эл-жерди тоноо, наадандык, ач көздүк өңдүү касиеттер менен толукталып, алардан «азыктанып» турат.

7. «Манас» эпосунун бай, терең мазмунуна таянуу аркылуу, андагы Манастын, анын тегерегиндеги адамдардын инсандык сапаттарынын мифоэпикалык конструкциясын эске алуу менен, баатырлардын атуулдук касиеттериндеги баалуулук системасын өздөштүрүү учур талабы. Чындыгында эле жаңы геосаясий мейкиндикте ата-бабалардан мурас болуп берилген, кылымдар бою калыптанган аксиологиялык маанидеги правалык нарк-насилдерди, нормаларды сактап-өнүктүрүп, ички руханий дүйнөгө айландыруу атуулдук парз.



**Диссертациянын негизги мазмуну** төмөнкү эмгектерде жарык көрдү:

1. Психологические образы героев эпоса Манаса // Молодежь и наука проблемы, перспективы. Материалы внутривузовской научной конференции молодых ученых и аспирантов БГУ– Бишкек, 1998. – С. 258-261.

2. Психологические значение личности манасчи и эпоха Манас в истории кыргызского народа // Талас педагогикалык институтунун профессордук-окутуучулар жамаатынын 1 илимий-практикалык конференциясынын материалдары. - Талас, 1998. –15-17-беттер.

3. «Манас» эпосундагы карама-каршылыктардын чагылдырылышы // «Непрерывное образование в новом информационном пространстве». Материалы международной научно-практической конференции. – Бишкек, 2002. – С. 180-184.

4. «Манас» эпосундагы душмандардын инсандык сапаттары // Вестник института экологии и природопользования при КГПУ им. И.Арабаева - Бишкек, 2002. – 37-39-беттер.

5. Манастын балалык чагындагы жана өспүрүм курагындагы психологиялык өзгөчөлүктөр // Вестник института экологии и природопользования при КГПУ им. И.Арабаева - Бишкек, 2002. – 39-42-беттер.

6. «Манас» эпосундагы инсан жана тулпар ат архетиби // Вестник института экологии и природопользования при КГПУ им. И.Арабаева. - Бишкек, 2002. - 42-45-беттер.

7. Манас пассионардык инсан // Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата. –Бишкек, 2003. - 3-23-беттер.

8. Некоторые психологические аспекты эпоса «Манас» // Талас өрөөнү тарых таразасында. Материалы научно-практической конференции. –Бишкек, 2005. – С. 124-128.

9. Алмамбеттин инсандык сапаттарына психологиялык мүнөздөмө // Современность: философские и правовые проблемы.–Бишкек, 2006. – С. 347-352.

10. Социально-философское значение эпоса «Манас» // Поиск. Алматы, 2006. - №3. – С. 79-81.

11. Бакайдын инсандык сапаттарына социалдык- философиялык мүнөздөмө // Современность: философские и правовые проблемы.– Бишкек, 2006. - 352-356-беттер.

12. Психология в эпосе «Манас» // Казахстанская цивилизация: проблемы адаптации и социализации человека. Материалы международной научной конференции. –Алматы, КазНУ имени аль-Фараби, 2005.- С. 29-32.

13. Личность и народ // Мысль, - Алматы, 2006, -№6. – С.48-52.

14. Каныкейдин инсандык сапаттарына социалдык философиялык мүнөздөмө // Вестник БГУ. –Бишкек, 2006.-№10.-144-148-беттер

**Г.Б.Кудабаеванын философия илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттары» аттуу темада жазган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

Түйүндүү сөздөр: инсан, каарман, сапат, касиет, кыргыздар, баалуулук, дүйнө таанып, көзкараш, карама-каршылык, өнүгүү, социалдык мейкиндик.

Диссертацияда «Манас» эпосунун эпикалык мазмунунун негизинде Манас жана анын социомаданий чөйрөсүндөгү адамдардын инсандык сапаттарынын системасы, анын баалуулуктары социалдык-философиялык деңгээлде концептуалдуу изилденди.

Биринчи бапта кыргыздардын реалдуулукту өздөштүрүүсүнүн, жашоо, өнүгүү диалектикасынын контекстинде Манас баш болгон негизги каармандардын дүйнө таанымы, атуулдук баалуулуктары, коомдук жана жекече аң-сезимдери, инсандык жана калыптануу өзгөчөлүктөрү анализденди. «Жакшылык» менен «жамандык» категорияларынын методологиялык маанилерин эске алуу аркылуу инсандык сапаттардын системасынын детерминанттары, татаалдыгы, аксиологиясынын маңызы жана ченемдери көрсөтүлдү.

Экинчи бапта Манаска пейилдеш, таламдаш эпикалык каармандардын атуулдук касиеттеринин көп түрдүүлүгү, асылдыктарды, нарктуулуктарды өзүнө камтып, сиңирген мазмуну ачылып берилди. Ошондой эле энциклопедиялык чыгармада чагылдырылган терс каармандардын сапаттарынын социомаданий өбөлгөлөрү, имманенттүү маңызы, жоокерчилик замандагы алардын көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү, руханий мотивдери иликтенди.

Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн тыянактары чыгарылып, эпостогу каармандардын инсандык сапаттарындагы баалуулуктарды өздөштүрүүнүн таанып билүүчүлүк, аксиологиялык мааниси белгиленди.



## РЕЗЮМЕ

**диссертации Кудабаевой Г.Б. «Личностные качества героев эпоса «Манас» на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11. – социальная философия.**

**Ключевые слова:** личность, герой, качества, кыргызы, ценности, мировоззрения, взгляды, противоположности, развития, социальные пространства.

В данной диссертационной работе на основе эпического содержания эпоса «Манас» системно и концептуально в социокультурном пространстве исследуются личностные качества Манаса и его окружения и уровень их социально-философских ценностей.

В первой главе рассматриваются особенности кыргызов их реальная жизнь, и развитие в диалектическом контексте, раскрыты мировоззрение основных героев эпоса, их гражданское, общественное и индивидуальное сознание, смысл жизни, особенности формирования и развития личности. На основе нравственных категорий «добро» и «зло» показаны системные детерминанты личностных качеств, их аксиологическое содержание и измерения.

Во второй главе раскрыты личностные качества эпических соратников и противников Манаса, их многогранные ценности, интересы и мотивы. Также в диссертации изучены личностные качества негативных героев, отраженные в изучаемом энциклопедическом произведении, их социокультурные пространства, особенности военного периода того времени и их духовные мотивы.

В заключительной части диссертационой работы подведены итоги исследования, отмечено значение освоения ценностей личностных качеств и их аксиологического содержания.

# RESUME

**Of Kudabatva Gulira dissertation in the field of Philosophy in particular 09.00.11. – Sjcial philosophy**
**Person gnalicz hero epich of Manas**

**Key words:** Person, hero, gnalicz, kyrdyzmen, valuez, worldvien, pointz, opposite sides, development, social spacc.

The social – psycological characteristics of Mahas and other people who surround him are researched, for the first time, integratedly and systematically jn the materials of tgic Manas, in this dissertation and are examined as historical personalities who has historic-philosotical content.

The periools of the formation and development of personality in the epich of Manas is revealed in the work..

The childhood, youth and mature ale of Manas is examined separately. The periools of his life are given social – philosophic analyse.

The social conscousness, specific features and intelleit of that period is also studiod.

The Manas epichis personalities positive and negotive qualities, their aims, motives, needs, interests, relations and spiritual values are socially analysed is well.

The types of indiviolual consciousness traditional and rational, are alsostudied.

The fovns and types, of conflicts and the ways of overcjming them are also indicated .

In the final part of the research it is forecasted the pecularities of specific cocial cjnsciousness personal cjnsc spiritualvalues motives of the Kyrgys people and the ways of ther development with apprec1ation under existing cjnditions of noderu times.





Тех.редактор *Кочоров А.Д.*

Басуугa 19.10.06. берилди. Форматы 60x84 1/16 Офсеттик кагаз.
Офсеттик басуу. Көлөмү 1,0 б.т. Нускасы 100 д. Заказы 450.

720044, Бишкек, Сухомлинов көч., 20.
"Техник" ББ КМТУ, т.: 42-14-55, 54-29-43
E-mail: ict@ktu.aknet.kg, beknur@mail.ru